**ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**

**РЕСПУБЛИКА БИЛИМ БЕРҮҮ БОРБОРУ**

# 2016-2017-окуу жылында кыргыз тили жана адабияты боюнча 4,5,7-класстар үчүн баскычтуу текшерүү экзамендерин, 9-класс үчүн жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү боюнча мугалимдерге методикалык сунуштама

**Ташкент — 2017**

## ТҮШҮНҮК КАТ

Жалпы билим берүүчү мектептердин башталгыч (4-класс) жана **7**- классын бүтүрүүчү окуучулар кыргыз тили жана окуу китебинен баскычтуу текшерүү экзаменин диктант түрүндө, 5-класс окуучулары «Алабияттан» оозеки тапшырышат.

Окуучулар жазган тексттин мазмуну алардын төрт-беш жыл бою өздөштүргөн билим, көнүккөндүк жана тажрыйбаларын өз ичине камтып, жалпысынан окуучулардын сабаттуулугун арттыруу менен бирге, билим деңгээлин жогорулатууга, ой жүгүртүүсүн тереңдетүүгө өбөлгө түзүүсү зарыл. Бул максатта мугалимдер 4- класстын окуучуларына жалпы көлөмү 85-95 сөздөн, 7-класстар үчүн 120-130 сөздөн ашпаган диктанттын үлгүлөрүн даярдашат жана ал мектептин методбирикмесинде талкууланып, жетекчи тарабынан бекитилет. Класстан-класска көчүрүү сыноолорун өткөрүү үчүн диктанттардын үлгүлөрү салынган конверттердин бири бир окуучу тарабынан тандап алынат жана диктанттын ошол темасы доскага жазып коюлат. Жардамчы колдонмо катары 5-9-класстар үчүн М.Темированын 2013 жылда басылган «Диктанттар жыйнагынан» жана 2013 жылда басмадан чыккан Кыргыз билим беруу академиясынын кызматкерлери филология илимдеринин доктору В. М. Мусаева менен А. Сманбаев түзгөн « Жат жазуу учун тексттер жыйнагы», «Баяндама жүргүзүүнүн жолдору жана тексттер жыйнагы» деген методикалык колдонмолордон пайдалануу сунуш кылынат. Диктанттын кайсы түрүнөн пайдалануу мугалимдин чыгармачыл мамилесине жараша тандалат. Диктантты баалоодо окуучулардын билими 5 балл менен бааланып, алар төмөнкү талаптардын негизинде текшерилет:

I. Орфографиялык эрежелердин жана талаптардын негизинде жазуу.
II. Сөз, сөз айкашы жана терминдерден туура, орундуу пайдалануу.
III. Ташымалдоо эрежелерине амал кылуу

Мугалим диктантты жогорудагы ар бир пункт боюнча текшерүүсү зарыл. Мында окуучудан төмөнкү шарттарга амал кылуу талап кылынат:

1. Грамматикалык каталарга жол бербөө.
2. Тыныш белгилеринен туура пайдалануу.
3. Стилдик жалпылыкка амал кылуу.
4. Ташымалдоо эрежелерине амал кылуу.
5. Таза жана сулуу жазуу.

- эгерде диктант катасыз жазылган болсо, жогорудагы шарттарга туура келсе 5 балл коюлат;
- эгерде диктантта 2 грамматикалык, эки пунктуациялык ката болсо, же 1 грамматикалык, 3 пунктуациялык ката же 4 пунктуациялык ката болсо 4 балл коюлат;
- эгерде диктантта 4 грамматикалык, 4 пунктуациялык, эе 3 грамматикалык, 5 пунктуациялык же 7 пунктуациялык ката болсо 3 балл коюлат;

- эгерде диктантта 7 грамматикалык, 7 пунктуациялык, же 6 грамматикалык, 8 пунктуациялык, же 5 грамматикалык, 9 пунктуациялык же 8 грамматикалык, 6 пунктуациялык ката болсо 2 балл коюлат;
- эгерде диктанттын каталары жогорудагы 2 баллдык талаптардан көп болсо 1 балл коюлат.

Диктанттын төмөнкү үлгүлөрүн сунуш кылабыз:

## 4-КЛАСС

### ӨНӨР ТУУРАЛУУ

**А**кылдуу, даанышман болгуң келсе, өнөрлүү болууну көбүрөөк ойлонгун. Өнөрдүн арты менен сый-урматка жетишесиң. Эгерде өнөрдөн пайдаланбасаң, куурап калган даракка окшоп каласың. Акыл, парасатың жетиштүү болуп туруп, өнөрсүз болсоң , даанышмандыгың жансыз сүрөткө, өлүү денеге же мөмөсүз даракка окшоп калат.

Өз кесибиңе, ата – бабаңдын мартабасына, мансабына манчыркап,илим-өнөр үйрөнүүдөн эч качан намыс кылбагын. Атанын мансабына маашырланып, ак эмгектен качуу, өнөр - илим үйрөнбөй коюу-- түркөй, наадан адамдардын иши. Ушуну эсиңе тут. Уулум, акыл-парасатуу жана өнөрлүү, илимдүү адамдар менен дос болгун. Өнөрсүз адамда касиет болбойт. Ак эмгектен, илим - өнөр үйрөнүүдөн баш тартпагын. «Өнөрлүү өргө карай жүзөт» деген макал ардайым эсинде турсун . 94 сөз. («Ой гүлдөрү» китебинен)

### КАЙРЫМДУУЛУК

Кары-картаңдар көчөдөн өтө албай, автобуска түшө албай жатса жардамдаш, колтуктап өткөрүп кой, батасын аласың.

Сыркоо, майып адамдар жардам сураса, байкамаксан болуп өтүп кетпе, каргышына каласың. Дароо көмөк көрсөт.

Көчөдө отурган жетим-жесир, бечара, кайырчыларды шылдыңдаба.

Ата-энеңдин, мугалимдин, улуулардын тилин ал, каяша айтпа. Өзүңдөн кичинекей бөбөктөр ыйлап атса, соорот. Бөбөктөрүңө, бир туугандарыңа, ата-энеңе кайрымдуу бол.

Жан-жаныбарларга, канаттууларга, ит, мышыктарга аягандык менен мамиле жаса, ыймандуу, кайрымдуу, боорукер, ак ниет бала болуп чоңой. Кайрымсыз адам катып калган ташка окшош. Ошондуктан, балдар, силер эч качан кайрымсыз болбогула! Эл силерди дайыма кайрымдуу, боорукер инсан катары бааласын. (95 сөз.)

## ЭМГЕКЧИЛДИК - АДАМДЫН КӨРКҮ

Кичинеңден эмгекчил болуп өссөң кийин жакшы турмушта жашайсың. Билимдүү болууга аракет кыл.

Эч убакта иш кылгандан эринбе, тажаба, түйшүкчүл, мээнеткеч бол. Бир нерсе жасаарда алдын ала план түзүп ал, ансыз ишиң чаржайыт, башаламан болуп калат.

Ата-энең жумуш жасап жатканда карап турба, баарын үйрөнгөнгө тырыш, кийин кереги тиет. Кечке телевизорду тиктеп отурба.

Анын ордуна сабакка даярдан, китеп оку, адептүү, орундуу, сабаттуу сүйлөөгө үйрөн. Акылмандардын насааттарын окуп-үйрөн, турмушуңда колдон. Мугалимдин айткандарын убагында аткар. Тынымсыз эмгектен, иште, оку, жаз, бош отурба, көп ойнобо. Адал, ак эмгек, тынбаган мээнет гана адамды бийик даражага жеткирип, бактылуу кылаарын эч качан унутпа. (97 сөз.)

## 5-КЛАСС. АДАБИЯТ

Жалпы билим берүүчү мектептердин **V класс** окуучулары «А**дабият»** китебинен класстан-класска көчүрүү боюнча баскычтуу текшерүү экзаменин оозеки тапшырышат. Мында окуучулар «Адабияттан» жыл бою өздөштүргөн окуу материалдары жана буга чейинки чогулткан мектептик жана турмуштук тажрыйбаларына таянып билет суроолоруна жооп беришет. Экзамендин ар бир билети 2 суроодон турат.

### Баалоонун критерийлери

Окуучулардын оозеки жооптору төмөнкү талаптардын негизинде бааланат:

1. Берилген жооптун тууралыгы жана толуктугу.
2. Суралган материалды окуучунун өзү түшүнгөндүгү жана пикирин мисал жана фактылар менен далилдей алуусу.
3. Так, конкреттүү түрдө жана токтолбой баяндап бере алуусу.
4. Чыгармагы жана анын каармандарына өзүнүн өз алдынча жана эркин пикирин билдире алуусу.
5. Чыгарманын окуяларын түшүндүрө жана иликтей алуусу, оозеки речинин ыраатуулугу.

Жооп берүүдө жогорудагы талаптардын ар бири толук аткарылса 1 балл, аткарылбаса 0 балл коюлат.

- эгерде окуучу берилген суроого толук жана катасыз жооп берсе, аларга мисал жана далилдер келтирсе, оозеки речи жакшы жана өз алдынча пикири болсо 5 балл коюлат;
- эгерде окуучу эки суроодон бирине толук жана катасыз жооп берип, 2-суроого 1-суроонун деңгээлинде жооп бере албаса, бирок 2-суроого мисал жана далилдер келтире алса, өз алдынча пикири болсо 4 балл коюлат;
- суроолорго тиешелүү түшүнүгү болсо, бирок аларга карата мисал жана далилдер келтире албаса, өз пикирин эркин билдире албаса 3 балл коюлат;

- суроолорго тиешелүү таптакыр түшүнүгү болбосо, өз пикирин эркин билдире албаса 2 балл коюлат;
  - окуучунун жообу 2 баллдан төмөн болсо 1 балл коюлат.

**Билет №1**

1. «Гүл өстүрө албаган бала» жомогунда бир бала эмне үчүн гүл өстүрбөдү? 2. «Акылдуу кыз» жомогунда кыз кандай акылдуу сөз айтты ?

**Билет №2**

1. «Күч бирдикте» жомогунун мазмунун кыскача айтып бер.
2. Өзбек эл жомокторунан кайсыларды билесиң?

**Билет №3**

1. Адептүүлүк жөнүндөгү макалдардан сегиз макалды айтып бер.
2. «Үч ага-ини баатырлар» жомогундагы Кенже баатыр кандай баатырдык көрсөттү?

**Билет №4**

1. Табышмактар жөнүндө айтып бер.
2. «Чынчыл киши аткан чымын» калпын жатка айтып бер.

**Билет №5**

1. Элдик эпикалык мурастар жөнүндө кыскача баянда.
2. Эки жаңылмач айт.

**Билет №6**

1. Манастын энесинин өз аты ким болгон? Манастын балалык чагы.
2. Х. Токтобаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө эмне билесиң?

**Билет №7**

1. «Сары дөөнү минип» романы эмне жөнүндө?
2. «Манас» эпосундагы Чоң жиндинин кылык – жоруктарын айт .

**Билет №8**

1. А. Токомбаевдин кандай ырларын билесиң? Бир ырын жатка айтып бер.
2. «Карагул ботом» чыгармасынын мазмуну.

**Билет №9**

1. Молдо Кылыч Шамыркан уулу ким?
2. Адабий жомок тууралуу түшүнүгүң?

**Билет №10**

1. Т. Сатылгановдун өмүрбаяны.
2. «Кыздын кырк чачы улуу» макалын сен кандай түшүнөсүң?

**Билет №11**

1. Чыңгыз Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы.
2. «Атадан калган туяк» аңгемесинен кыскача үзүндүнү көркөм окуп бер.

**Билет №12**

1. А. Осмоновдун Ата Мекен жөнүндөгү кайсы ырын билесиң?
2. Б.Сарногоевдин «Бешигим-- Мекен» ырынын мазмунун айтып бер.

**Билет №13**

1. С. Жусуевдин «Алакан» ырындагы башкы каарман ким?
2. *«Менменсинген карагай,*
   *Пейли кенен чалдардай»,* – бул саптар Аалы Токомбаевдин кайсы ырынан? Ушул ырдын эки куплетин жатка айт

**Билет №14**

1. Р.Шүкүрбековдун «Тоо эчки» ырынын мазмуну.
2. М.Алыбаевдин «Ала-Тоо» ырынан көркөм окуп бер.

**Билет №15**

1. Ы. Шайбековдун өмүрү жана чыгармачылыгын кыскача баяндап бер.
2. Анын «Кайран эл» ырынын үч куплетин жатка айт.

**Билет №16**

1. «Зилзала» ырынын автору ким? Ыр эмне тууралуу?
2. Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү» деген ыры эмне жөнүндө?

**Билет №17**

1. Касымалы Жантөшевдун өмүрү жана чыгармачылыгы.
2. Анын кандай чыгармаларын билесиң?

**Билет №18**

1. «Телибай тентек» поэмасындагы Телибай кандай бала?
2. Санат-насыят , үлгү ырлары кандай ырлар?

**Билет №19**

1. Алишер Наваийнин кандай чыгармаларын билесиң.
2. Казалдардан көркөм окуп бер.

**Билет №20**

1. «Жылан менен бака» чыгармасынын мазмуну.

3. Пейзаж деген эмне?

**Билет №21**

1. А. Осмоновдун «Кыргыз тоолору» ырынын мазмунун сүйлөп бер?
2. «Телегей» романынан берилген үзүндүлөрдүн бир бөлүгүнүн мазмунун айт.

**Билет №22**

1. С. Өмүрбаевдин чыгармасы эмне тууралуу?
2. «Тумарис баянынын»мазмуну.

**Билет №23**

1. «Болор жигит», «Болбос жигит» ырларынан саган ким жагат? Эмне үчүн?
2. Уйкаштык тууралуу түшүнүгүң?

**Билет №24**

1. Ханс Кристиан Андерсен ким болгон?
2. «Булбул» жомогунда эмне жөнүндө баяндалат?

**Билет №25**

1. «Балык жана балыкчы жөнүндөгү» жомогунун идеялык мааниси эмне жөнүндө?
2. Расул Гамзатовдун «Эне тили» ырынын үч куплетин жатка айтып бер.

## 7-КЛАСС

## АТА НАСААТЫ

Уулум, калайыктын өзүңө кайрымдуу болуусун каласаң, оболу өзүң калайыкка кайрымдуу бол. Өз мээнетиң текке кетпесин десең, өзгөлөрдүн ак мээнетин бекер кетирбе. Абройлуу болоюн десең, элпек бол. Адамдар сени маскаралап күлбөшү үчүн, жүрүш-турушуңду оңдогун. Кадыр-баркым ашсын десең, башкаларды да баалай бил. Көпчүлүктүн өзүңө дос болуусун кааласаң, адамдарга тил тийгизбе. Мүмкүн болушунча мал- мүлкүңдү муктаждардан аябагын. Телегейи тегиз адам болууну арзуу кылсаң, өзүңө ылайык келбеген ишти бөтөндөргө да ыраа көрбө. Жасаган жакшылыгың да, жамандыгың да алдыңдан чыгаарын унутпа. «Жакшылык жасоо колуңдан келбесе, жамандык жасаба».

Дилиң ооруп, урушууну каалабасаң, ачуулу, акмак адамдар менен сөз талашып отурба. Кызганчаак болбо. Колуңдан кеткен нерсеге өкүнүү менен кайгыра бербе. Ачык жүздүү, ширин сөздүү бол.Эч кимге кек сактаба. Сырыңды ар кимге айта бербе. Досуңдан да жашыра турган сырлар болот. Ар дайым адамдардын урматтоосуна, кадырлоосуна ээ болуп, бардык ишке калчап мамиле жаса. 129 сөз. «Акыл тамчылары» китебинен.

## БОЗ ҮЙ

Боз үй көчмөн элдердин биргелешкен акыл-оюнан жаралган, жеңил десең жеңил, чечкенге, тиккенге оңой, жайында салкын, кышында жылуу, жөнөкөй, улуу эстелиги, ыйык куту жана кол өнөрчүлүгүнүн туу чокусу.

Боз үйдүн ичинен төбөңдү карасаң түндүгүнөн көк асманды, күндүз күндү, түнү айды көрөсүң. Сыртка чыксаң, кең дүйнө шарт ачылат. Чагылгандын чартылдаганын, шамалдын улуганын, дарыянын шоокумун, куштардын сайраганын даана угуп турасың.

Кыргыздын боз үйүн жасоого кол өнөрчүлөрдүн бардык чеберлери - теричи, жыгач уста, темир уста, саймачы, оймочу, зергери, уздары катышкан. Кыргыздар боз үйдү күнүмдүк тиричиликке, сый-сөөлөткө жасашкан жана жоокерчиликте урунушкан, анын түрлөрү көп.

Боз үйлөр чоң-кичинесине карата алтымыш баштан-жүз баш, эки жүз баш деп, керегенин башына карата бөлүнөт. Үйдүн ичи төр, улага, эр жак, эпчи жак деп төрткө бөлүнөт. Төргө кадырлуу меймандар, карыя аксакалдар, эпчи жакка казан-аяк кармаган аялдар, эр жакка эркектер, улагага кичүүлөр отурушат. (130 сөз.)

## ВАГОНДОГУ ОКУЯ

Бир жолу мага Ташкен зоопаркынан бир топ жапайы айбандарды Ашхабад шаарына жеткизип барууга туура келди. Мен чоң станцияларга токтогон жерде алардын суу жана тамак менен камсыз кылынышына көз салмакмын.

А дегенде бардыгы жакшынакай жана ойдогудай болду. Бирок поезд бир станциядан өтө берген кезде, кечке жуук мага тянь-шандык үч жаштагы аюунун клеткадан чыгып кетүүгө аз калгандыгын айтышты. Клетканын асты цементтелген, калган жактары темир тор менен бекитилген болчу.

Мен вагонго чуркап келдим да, тосулуп коюлган клетканын бир тактайы ажырап, бөлүнүп калганын көрдүм. Ошол тактай ажырап калган тешиктен аюу башын чыгарып алыптыр. Сыягы, салмагын салып жөлөнгөндө бекем бекитилбеген тактай ажырап кетсе керек. Абал өтө коркунучтуу эле. Ушул жерден менин оюма бир нерсе келе түштү. Ансайын аюу башын чыгарып, буту менен тактайды ажыратууга аракет кылып жатты. Мен шашыла калып колум менен тактайды түртүп, ачылып кетпестигинин алдын алууга аракеттендим. (136 сөз.)

Жалпы билим берүүчү мектептерде кыргыз тили жана адабияты предметинен **9-класстын** бүтүрүүчүлөрү кыргыз тили жана адабият предметтеринен баяндама (изложение) жазышат.

Баштап берүү жолу менен баяндама жазууда башталышы берилген окуяны окуучулар өз алдынча жана чыгармачыл түрдө улантышып, аны толук окуя абалына келтиришет. Жогоруда белгиленгендей, кыргыз тилин окутуунун алдына коюлган социалдык буюртма окуучуну ой жүгүртүүгө, пикирлөөгө, башкалардын оюн түшүнүүгө жана ушул пикирдин натыйжасын оозеки жана жазма түрдө сабаттуу

баяндай алууга, тактап айтканда, коммуникативдик сабаттуулукту өнүктүрүүгө үйрөтүүдөн турат.

Кыргыз тилин окутуунун натыйжасында окуучулар өздөштүргөн билим, көнүккөндүк жана тажрыйбалар үч параметрлүү стандарттык көрсөткүчтөрдүн негизинде текшерилет жана аныкталат.

Булардын ичинде ойду жазма түрдө баяндоо тажрыйбасы (бүткөн ой чагылдырылган текст) татаал жараян болуп, кыргыз тилин окутуунун максаты ушул параметрде чогулган. Окуучунун кыргыз тилин окуучу жараянында өздөштүргөн көнүккөндүк жана тажрыйбалары ал жараткан текстте көрүнөт. 9-класста негизги көрсөткүч ойду логикалык ырааттуулукта кыргыз тилинин кең мүмкүнчүлүк-төрүнөн пайдаланган түрдө бир кылка жана туура баяндай алуу тажрыйбасы, баяндалып жаткан ойго таандык болгон тармак боюнча окуучунун билимдеринин кең жана тереңдиги, түзгөн текстинин орфографиялык (орфоэпиялык), стилистикалык сабаттуулук даражасы менен белгиленет. Ошондуктан IX класстын бүтүрүүчүлөрү кыргыз тили предметинен жыйынтыктоочу аттестацияда чыгармачыл баяндама жазышат.

Чыгармачыл баян билим берүүдө баяндаманын татаал түрлөрүнөн бири. Чыгармачыл баян окуучуларды тандалган тексттин көркөмдүк жактан так жана бышык, логикалык жактан ырааттуу, коомдук турмуш жана реалдуулук менен байланышкан түрдө ачып берүүгө, өз алдынча чыгармачыл ой жүгүртүүгө, кыргыз тилинин бай түшүндүрмө каражаттарынан өнүмдүү пайдаланууга үйрөтүү, жазма кеп тажрыйбаларын калыптандыруу жана сабаттуулук даражасын арттыруу, бул жааттагы билим, көнүккөндүк жана тажрыйбаларын аныктоо максатында жазылат.

Чыгармачыл баяндамада көбүрөөк көркөм, руханий-агартуу маселелери, коомдук жана саясий турмуш, илим жана техника жаңылыктары, предметтер аралык байланыш жөнүндөгү темалар жарытылат.

Окуучулар баяндаманын төмөнкүчө түрлөрүнөн пайдаланып чыгармачыл баян жазышат.

- Текстке көркөм сүрөттөө каражаттарын киргизүү аркылуу чыгармачыл баян жазуу.
- Баштап берилген текстти өз ой-пикирлеринин негизинде улантуу.
- Тексттеги каармандын атын өзгөртүп чыгармачыл баян жазуу.
  - Грамматикалык тапшырмалуу чыгармачыл баян.
  - Чыгармачыл баян жазуу жараянында окуучулар төмөнкүлөргө көңүл буруулары зарыл:
- тексттин мазмун-маанисин терең түшүнүүсү, эмне жөнүндө жазуу керектигин билүүсү;
- тексттин темасына байланыштуу маалыматтарды эстеп калуусу;
- тексттин планын (жөнөкөй) түзүүсү;
- пландын жардамында негизги ойду так, удаалаш баяндалуусуна жетишүү;
- тексттеги окуя-кубулуштарды өз бетинче иликтеген абалда жарытуусу;
- темага тиешелүү өзүнүн эркин ой-пикирлерин жазууга жетишүүсү;
- чыгармачыл баяндын каралама нускасы даяр болгондон соң, аны кайра окуп чыгуусу;

- даяр болгон жазма ишти акка көчүрүүсү.

**Баяндаманын тексттери мугалим тарабынан 3 вариантта даярдалат жана мектеп методикалык бирикмесинде талкууланат да мектеп дирекциясы бекитет**. Ар бир вариантта бирден текст болот. Бир окуучу 3 варианттан (конверттен) бирин тандап алат. Тандап алынган конверттеги тексттин темасы доскага жазып коюлат Мугалим тарабынан чыгармачыл баяндаманын тексти бир (зарылдыгына карай эки) жолу окуп угузулат. Окуучулар уккан тексти боюнча берилген тапшырманын негизинде чыгармачыл баян жазышат. Чыгармачыл баяндын көлөмү жок дегенде 3,5 (үч жарым бет) бет болушу керек. **Чыгармачыл баян жазуу үчүн 2 астрономиялык саат берилет.**

Жалпы билим берүүчү мектептердин IX класстарында окуучулардын билиминин даярдык даражасын баалоонун рейтинг системасы боюнча чыгармачыл баян төмөнкү жалпылаштырылган БКТ элементтеринин негизинде текшерилет жана бааланат:

- Баяндын текстинин пландын негизинде толук жана ырааттуу жарытылгандыгы –1,5 балл;
- Сөз, сүйлөм жана фразеологиялык түшүнүктөрдүн орундуу колдонулгандыгы — 1 балл;
- тексттин кошумча идея жана пикирлер менен толукталгандыгы – 0,5 балл;
- өз алдынча жана чыгармачыл баяндалгандыгы- 1 балл;
- орфографиясы жана тыныш белгилеринин туура коюлгандыгы — 0,5 балл;
- стилистикасы жана жазуусунун талап даражасында экендиги — 0,5 балл;

Баллдар жыйынтыкталып, орточо балл чыгарылат.

**Эскертүү: Окуучулар 3 - 3,5 беттик баяндама жазуусу үчүн даярдалган текст кем дегенде 5-6 беттик болушу керек.**

**Республика билим берүү борборунун**
**башкы методисти М.ПАРПИЕВ**